**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУ**

720040, Бишкек ш., Абдумомунова көчөсү, 205
тел.: 66-11-13, факс: 66-10-89
vskr@sot.kg
э/э № 4402011101031388
БИК 440001 КР ФМ Борбордук казналыгы
ИНН 02201200210073

**ВЕРХОВНЫЙ СУД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720040, г.Бишкек, ул. Абдумомунова, 205
тел.: 66-11-13, факс: 66-10-89
vskr@sot.kg
р-с № 4402011101031388
БИК 440001 Центральное казначейство МФ КР
ИНН 02201200210073

06.09.19 № 03-19/1916

На № ________ от ____________

**Кыргыз Республикасынын
Адвокаттар кеңешинин
төрагасы
Б.С. Раимкуловго**

**Урматтуу Билим Сардалбекович,**

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту Сизди 2019-жылдын 13-сентябрында саат 10:00 өткөрүлө турган Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун жыйынына чакырат.

Пленумдун күн тартибинде "Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чарасы тууралуу жазык-процесстик мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун кабыл алуу.

*Тиркеме: Токтомдун долбоорунун көчүрмөсү 32 б.*

**Төрага** **Г. Калиева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДВОКАТУРАСЫ
АДВОКАТУРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Кириш
Входящий № 589/19
«06» 09 2019 ж./г.

*ДОЛБООР*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

________________ Бишкек шаары

## Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чарасы тууралуу жазык-процесстик мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасы жөнүндө

Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүгө байланыштуу жазык-процесстик мыйзамдарын туура жана бир түрдүү колдонууну камсыз кылуу жана бөгөт коюу чарасын колдонууда пайда болгон маселелерди чечүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинин 2-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасын жетекчиликке алып, токтом кылат:

1. Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренеси менен кепилдендирилген адамдын укуктарын сактоону камсыздоого жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин (мында ары – Кыргыз Республикасынын ЖПКси) 44,45,98-105, 256-беренелерин жетекчиликке алууга тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун.

Кармоо Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык жүргүзүлсө, ал мыйзамдуу жана негиздүү деп табылат.

Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тергөө судьясы тарабынан токтомдун негизинде кармоо жүргүзгөн алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча жүзөгө ашырылат.

Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү ачык соттук отурумда материалдар сотко келип түшкөн учурдан тартып 2 сааттын ичинде тергөө судьясы тарабынан жүзөгө ашырылат (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 256-беренеси).

Соттук отурумда кармоонун процедурасы жана кармоо учурунда шектүүнүн укуктарын камсыздоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын ЖПКнин ченемдеринин талаптарынын сактагандыгы текшерилүүгө жатат. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү жана кармоону түздөн-түз жүргүзгөн башка адамдар (ыкчам кызматкер, милициянын аймактык инспектору жана башкалар) иш жүзүндө кармалган учурда шектүүгө ага эмнеден шек саналып жаткандыгы жарыялануга, өзүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөө укугу, адвокат алуу укугу, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдан пайдалануу укугу түшүндүрүлүүгө тийиш (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 99-беренеси).

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү тергөө судьясына милдеттүү түрдө төмөндөгү тастыктоочу далилдерди бериш керек: 1) шектүүнү кармоо жөнүндө токтомдо көрсөтүлгөн убакыт менен иш жүзүндө кармоонун туура келгедиги жөнүндө (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 99-беренеси); 2) кармаган адамга бир жолу телефон менен натыйжалуу акысыз жана көзөмөлдөнгөн сүйлөшүү берилгендиги жөнүндө (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 45-беренеси); 3) Иш

жүзүндө кармалгандан кийин шектүүнүн кармалгандыгы жөнүндө жакын туугандарынын кимдир бирөөнө, жубайына, ошондой эле жактоочусуна токтоосуз маалымдалгандыгы жөнүндө (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 104-беренеси); 4) Иш жүзүндө кармалгандан кийин өзү тандаган адвокаттын жардамы алдында коргоо мүмкүнчүлүгүн берүү жөнүндө (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 45-беренеси); ал жок болгон учурда адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат берүү жөнүндө (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 51-беренеси).

2. Өзгөчө учурларда Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 98-беренесинде көрсөтүлгөн негиздер болгондо жорук жасады деп шектелген адамга карата кармоо колдонулушу мүмкүн. Өзгөчө учур катары үй-бүлөдөгү зомбулук, уруп сабоо, майда бейбаштык жана уурулуктар жана башкаларды түшүнүш керек.

3. Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жөнүндө өтүнүчтү кароонун жыйынтыгы боюнча тергөө судьясы кылмыш жана (же) жорук жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги жөнүндө токтом чыгарат, ал соттук отурумдун катышуучулары тарабынан апелляциялык тартипте токтом чыккан учурдан тартып 5 сутканын ичинде даттанылышы мүмкүн.

Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жөнүндө тергөө судьясынын токтомуна карата апелляциялык инстанциядагы соттун кабыл алган чечими даттанылбайт.

4. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 98-беренесинде каралган тартипте кармалган шектүү убактылуу кармоо изоляторлорунда (УКИ) кармалат. (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 103-беренеси). Бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрү тандалган шектүү тергөө изоляторунда (ШКТИ).

5. Тергөө судьясы тарабынан бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн колдонуп, ошондой эле айыпталуучуга карата издөө жарыяланган айыпталуучуга карата бөгөт коюу чарасын камакка алуу түрүнө өзгөртүлүп, кийин ал кармалган учурларда кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү текшерилбейт, анткени аны өзгөртүү соттук актынын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесине ылайык, соттук акты жок шектүүнү кармоо жүргүзгөн учурда гана аны кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерилет (кийинкиге калтырууга болбогон учурларда).

Ошону менен бирге, эгерде бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрү шектүү, айыпталуучу болбогондо колдонулса, анда токтомдо бөгөт коюу чарасын өзгөртүү же бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн белгилөө үчүн 48 сааттын ичинде аталган адамдарды сотко жеткирүү зарылчылыгы жөнүндө көрсөтүлүш керектигин эске алуу зарыл.

6. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 106-118, 239, 257-беренелерине ылайык, тергөө судьясы бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндөгү прокурордун өтүнүчү боюнча шектүүгө карата бөгөт коюу чарасын колдонууга, өзгөртүүгө же узартууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 257-беренесине ылайык тергөө судьясы берилген бөгөт коюу чарасынан башка бөгөт коюу чарасын колдонууга укуктуу экендигине тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун.

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы жана тергөөчү жазык куугунтуктоону токтоткон учурда гана бөгөт коюу чарасын жокко чыгарууга укуктуу.

Башка учурларда бөгөт коюу чарасын жокко чыгаруу жөнүндө маселе прокурордун өтүнүчү боюнча тергөө судьясы тарабынан каралат. Бөгөт коюу чарасын колдонуу, узартуу жөнүндө прокурордун өтүнүчүнө Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 235-беренесинде каралган тартипте күнүн жана убактысын көрсөтүү менен шектенүү жөнүндө кабарлоону шектүүгө тапшыруу жана кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине (мындан ары КЖБР) киргизилген Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык түзүлгөн шектенүү жөнүндө кабарлоо тиркелиш керек.

7. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 257-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндөгү жана бөгөт коюу чарасын колдонуу тууралуу чечимди кабыл алуу жөнүндөгү маселе бир эле мезгилде чечилген учурда, көрсөтүлгөн маселелер бир сот отурумунда каралаарына тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун (иш боюнча бир соттук акт чыгарылат).

Бул учурда кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чарасын тандоо маселелери сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө алынган маалыматтар ачыкка чыгарбоо максатында (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 160-беренеси) же соттук отурумдун катышуучуларынын (прокурор, шектүү, жактоочу, мыйзамдуу өкүл) өтүнүчү боюнча жабык соттук отурумда каралышы мүмкүн.

8. Шектүү, айыпталуучу жокто бөгөт коюу чарасы түрүндө камакка алууну колдонуу жөнүндө токтом чыгарууга анын келишин камсыздоо боюнча бардык чаралар кабыл алынгандан кийин гана жол берилээрине тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 257-беренеси).

Ошону менен бирге, адамдын болбогондо төмөнкүлөргө укуктуу: а) издөөгө жарыяланган шектүүгө карата бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн тандоо жөнүндө чечим кабыл алууга; б) тергөөчү тарабынан камакта кармалбаган шектүүнүн сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдан чындыгында жашынгандагы аныкталгандыгы тастыкталган шартта бөгөт коюу чарасынын аталган түрүн колдонууга; в) шектүүнү ал жок кезде камакка алуу мөөнөтүн узартуу өтүнүчтү кароого, аны сотко жеткирүү мүмкүнчүлүгүн алып салган шекүүнүн стационардык соттук-психиатриялык экспертизада жана башка шарттарда болгон учурларынан тышкары, жол берилбейт, бул тиешелүү документтер менен тастыкталууга тийиш.

Шектүүнү ал жок кезде камакка алуу жана ал бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөө судьясы тарабынан өтүнүчтү кароодо жактоочунун катышуусу милдеттүү болуп саналат.

Шектүүгө карата ал жок кезде бөгөт коюу чарасы жөнүндө маселени кароо, ал адам тарабынан соттун чечимине даттануу келтирүүгө тоскоолдук кылбайт.

9. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 107 жана 109-беренелеринин жоболоруна караганда жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүштө бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч сотко чейинки өндүрүш жери боюнча же болбосо шектелүүчү кармалган жер боюнча, ал эми бөгөт коюу чарасын узартуу сотко чейинки өндүрүш жери боюнча тергөө судьясы тарабынан каралат.

10. Бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн шектүүнү сотко алып келүүнү уюштуруу боюнча милдет жазык иши өндүрүшүндө турган органдын кызмат адамына жүктөлөт.

Сотко шектүүнүн алып келинбегендигине байланыштуу бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн колдонуу жөнүндө өтүнүчтү кароого жана өтүнүчтүн маңызы боюнча чечим кабыл алууга мүмкүн болбогон учурда (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 257-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык шектүү болбогон учурдан тышкары), тергөө судьясы

көрсөтүлгөн өтүнүчтү прокурорго кароосуз кайтарат жана бул жөнүндө тийиштүү токтом кабыл алат.

11. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 257-беренесинде тергөө судьясы тарабынан бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтү кароонун белгиленген тартиби соттук отурумда жабырлануучунун жана анын өкүлүнүн катышуусуна жол бербей тургандыгына соттордун көңүлдөрү бурулсун.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 108-беренесине ылайык, жабырлануучу, анын өкүлү жана мыйзамдуу өкүлү шектүүгө карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө соттун чечимин даттанууга укугу жок.

12. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 293-беренесинде белгиленген тартипте, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 106-118, 239, 270, 271, 272-беренелеринин жетекчиликке алып, өндүрүшкө ишти кабыл алган учурдан баштап өкүмдү, аныктаманы, токтомду аткарууга киришкенге чейин, судья, сот айыпталуучуга карата бөгөт коюу чараларын тандоого, өзгөртүүгө же алып салууга укуктуу.

Өндүрүшкө ишти кабыл алган учур катары Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 268-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3,4-пункттарында каралган чечимдердин бири судья тарабынан кабыл алынган күн эсептелинээрин соттор эске алыш керек.

13. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 271-беренесинде каралган тартипке ылайык, сот отурумун дайындоо мүмкүндүгү жөнүндө маселени чечүүдө судья айыпталуучулардын ар бирине карата бөгөт коюу чарасын өзгөртүү же жокко чыгаруу маселесин аныктоого тийиш, бул тууралуу соттук отурумду дайындоо жөнүндө токтомдо көрсөтүү зарыл.

Соттук өндүрүш үчүн бөгөт коюу чарасынын мөөнөтү мындай токтом кабыл алынган күндөн баштап эсептелинет.

Сотко чейинки өндүрүштө мурда тандалган бөгөт коюу чарасын өзгүртүүсүз калтыруу жөнүндөгү соттун чечиминде айыпталуучуну камакта кармоонун акыркы мөөнөтү көрсөтүлүш керек.

Соттук отурумду дайындоо жөнүндө токтом даттанылууга жатпайт.

14. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 268-беренесине ылайык, алдын ала угууну дайындоо же сот отурумун дайындоо жөнүндө судья тарабынан чечим кабыл алынганга чейин (жазык иши сотко келип түшкөн учурдан тартып 5 суткадан кечиктирилбестен), камактагы айыпталуучу сотко чейинки өндүрүш жүргүзгөн органдын эсебинде саналат.

Сотко чейинки өндүрүш органы тарабынан бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөттөрү бузулган учурларда, соттор прокурордун мыйзам бузуу фактыларына көңүлүн буруу менен жеке аныктама чыгарыш керек.

15. Соттук отурумга айыпталуучу келбеген учурда, сот жазык иши же жоруктар жөнүндө иш боюнча өндүрүштү токтотууга жана айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылуу үчүн прокурорго жиберүүгө (кайтарууга) укуктуу (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 237, 239-беренелери).

Ошону менен бирге, сот бөгөт коюу чарасынын кыйла катуу чарасына өзгөртө алат, ал эми айыпталуучу келип туруу жөнүндө милдеттеме алган учурда, бөгөт коюу чарасынын бир түрүн колдоно алат.

16. Бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч болгон учурда, сот алдын ала угууну дайындайт. Анын жыйынтыгы боюнча токтом кабыл алат. Судьянын токтому даттанылууга жатпайт.

17. Шектүүнү камакка алуу же камакка алуу мөөнөтүн узартуу жөнүндөгү сотко чейинки өндүрүш стадиясында кабыл алынган соттун чечими тергөө аяктагандан кийин жана жазык ишин сотко жибергенге чейин, бул бөгөт коюу чарасы тандалган мөөнөттүн ичинде гана өзүнүн күчүн сактайт.

Бул бөгөт коюу чарасы жөнүндө жогору турган соттук инстанциялардын чечими дагы анда белгиленген мөөнөттө гана күчкө ээ.

Камакта кармалган айыпталуучуларга карата жазык иши сотко түшкөн учурда жана ишти негизинен карооого даярдык көрүү менен байланышкан маселелерди чечүүдө, алдын ала угууга чейин (аны өткөрүү үчүн негиздер болгондо) же соттук териштирүү башталганга чейин, мурда соттун чечими менен белгиленген камакка кармоо мөөнөтү өтпөгөндүгүн жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүү үчүн негиздер жоктугун судья текшериш керек.

Айыпталуучуну камакка кармоо мөөнөтүн узартуу же бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн женилирээк түрүнө өзгөртүү зарылчылыгы болгондо, судья бул маселелерди соттук отурумда Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 116-беренесинде каралган тартипте карайт, ал эми Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 270-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча алдын ала уугу соттук отурумунда карайт. (Кыргыз Республикасын ЖПКнин 268-беренеси).

18. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 119-беренесине ылайык, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү сот шектүүгө, айыпкерге карата келүү жөнүндө милдеттенме түрүндөгү жазык сот өндүрүшүн камсыз кылуу чараларын колдонууга укуктуу экендигине судьялардын көнүлдөрү бурулсун.

Эгерде шектүүгө карата сотко чейинки өндүрүштө бөгөт коюу чарасы колдонулбаса, анда судья ишти өндүрүшкө алган учурдан баштап Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 107-беренесинде каралган негиздер болсо, ошондой эле келүү жөнүндө милдеттеме бузулса ага карата бөгөт коюу чарасын колдонууга укуктуу.

19. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 293-беренесине ылайык, соттук териштирүүнү мөөнөтүндө аяктоо мүмкүн болбогон учурда жана бөгөт коюу чараларын өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн негиздер болбогондо бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү ар бир жолу эки айга чейинки мөөнөткө узартылышы мүмкүндүгүнө судьялардын көнүлдөрү бурулсун.

Бөгөт коюу чараларын колдонуунун мөөнөтүн бир жылдан ашыкка узартууга жол берилбейт, ал эми бөгөт коюу чарасы жокко чыгарылууга жатат. өзгөчө учурларда бөгөт коюу чараларын колдонуунун мөөнөтүн бир жылдан ашыкка узартуу иш өз өндүрүшүндө турган судьянын жүйөлөнгөн токтому боюнча жүргүзүлөт. Аталган токтом 5 күндүк мөөнөттө маалымат үчүн Жогорку сотко жөнөтүлөт (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 293-беренеси).

Ошону менен бирге, мындай тартипте белгиленген бөгөт коюу чарасынын мөөнөтү ар бир жолу 2 айга чейин узартылаарын соттор эске алыш керек.

Өзгөчө учурлар катары адамды өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы боюнча айыптоону түшүнсөк болот, мисалы күнөөлүүнүн атайын аракеттеринин жыйынтыгы бир же бир нече адамдын өлүмүнө алып келсе; мамлекеттин коопсуздугун начарлатуу; коррупциялык кылмыштар үчүн айыптоо жана башкалар кирет.

Бөгөт коюу чараларын колдонуунун мөөнөтүн узартуу ал мөөнөт өткөнгө чейин тараптардын катышуучу менен соттук отурумда каралат. Тараптардын биринин келбегендиги бөгөт коюу чарасын узартуу маселесин карооого тоскоолдук кылбайт.

20. Бөгөт коюу чарасы мурда колдонулган бир эле шектүүгө, айыпталуучуга карата ар кандай иштер боюнча кайрадан бөгөт коюу чарасын колдонууга жол берилбейт. Башка иш боюнча бөгөт коюу чарасын колдонуу Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 118-беренесинде каралган тартипте өзгөртүлүшү гана мүмкүн.

Бир эле иш боюнча сот жообуна тартылган адамды кайрадан камакка алуу, үй камагына алуу учурунда, ошондой эле буга кошулган же андан бөлүнгөн жазык иши боюнча камакка, үй камагына алуу мөөнөтү, мурунку камакта, үй камагында отурган мезгилди эсепке алуу менен жүргүзүлөт.

21. Эгерде айыпталуучу ооруп калган жана бул анын сот отурумуна келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган учурда; колдонууга жатуучу мыйзамдын конституциялуулугу жөнүндө маселе боюнча Жогорку соттун Конституциялык палатасына суроо-талап менен кайрылганда; экспертиза дайындоодо соттук териштирүүнүн токтотуп турулса бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү узартылбайт (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 291-беренеси).

"Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" мыйзамдын 28-беренесине ылайык, колдонууга жатуучу мыйзамдын конституциялуулугу жөнүндө маселе боюнча Жогорку соттун Конституциялык палатасына суроо-талап менен кайрылуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан өндүрүшкө алынган учурдан баштап соттук териштирүүнү токтотуп турууга жол берилээрин соттор эске алыш керек.

Мындай учурларда, соттор токтомдун корутунду бөлүгүнө иш боюнча өндүрүш жандандырылганга чейин бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрү өзүнүн күчүн сактайт деп көрсөтүш керек жана анын көчүрмөсү тергөө изоляторуна жиберилет.

Иште жаңы мамлекеттик айыптоочу же жактоочу алмаштырылган жана (же) киргизилген учурларда соттук териштирүүнүн жүрүшүндө билдирилген өтүнүчтөр боюнча иштин материалдары менен таанышууга тараптарга берилген убакыт, бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүнө кирбей тургандыгын соттор эске алыш керек (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 274-беренеси).

22. Айыпталуучуга карата бөгөт коюу чараларын колдонуу, узартуу, өзгөртүү же алып салуу жөнүндө аныктама же токтом өзүнчө жайда чыгарылат жана өзүнчө процесстик документтер түрүндө жазылат (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 294-беренеси).

Эгерде сот тарабынан кабыл алынган чечим боюнча жаны жагдайлар жоктугуна карабастан бир эле соттук отурумда бөгөт коюу чарасын өзгөртүү же жокко чыгаруу жөнүндө кайрадан өтүнүч түшкөн учурда, сот тарабынан өзүнчө процессуалдык акт чыгарууга зарылчылык жок. Бул учурда келтирилген өтүнүчтөрдү соттук отурумдун протоколуна көрсөтүү менен чектелүү жетиштүү болот.

23. Шектүүнүн, айышталуучунун медициналык корутунду менен ырасталган оор оору аныкталса, сот камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн узартууга укугу жок (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 118-беренеси).

Шектүүлөрдү, айыпталуучуларды камакка алууга тоскоолдук кылган оор оорулардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-июнундагы №296 "Кылмышка шектүүлөрдү, айыпталуучуларды камакта кармоого тоскоол болгон оор оорулардын тизмесин бекитүү жөнүндө" токтому менен бектилген.

24. Бөгөт коюу чарасынын үй камагы түрүн колдонуу жөнүндө токтомдо шектүү же айышталуучунун чыкпоосу милдеттүү болгон турак жайды көрсөтүү зарыл.

Сот ал адамдарга карата алар менчик ээси, жалдап алуу же башка мыйзамдын негизинде жашаган турак жайды аныктап берүүгө укуктуу. Андыктан, бөгөт коюу чарасынын үй камагы түрүн тандоого мүмкүн болгон турак жайда шектүүнүн же айыпталуучунун жашагандыгынын негиздерин текшериш керек. Мисалы, жалдоо келишими боюнча турак жайда жашаган учурда, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Турак-Жай кодексинин талаптарына ылайык жалдоо келишиминин түзүлгөндүгүн, ошондой эле келишимдин мөөнөтүн, ал эми адам Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу каттоодо турса, анда каттоо жери менен жашаган жеринин туура келгендигин, ошондой эле каттоо мөөнөтүн текшериш керек.

Эгерде шектүүнүн, айыпталуучунун үй камагы учурунда жайгаша турган турак жай сотко чейинки өндүрүш жүргүзүлүп жаткан муниципалдык түзүлүштүн чегинен тышкары болсо, анда аталган жагдай жазык иши боюнча өндүрүшкө тоскоолдук жаратпаган шартта гана, ошону менен сотко чейинки өндүрүш органына жана сотко аны алып келүүнү камсыздоого тоскоолдук кылбаса гана бөгөт коюу чарасынын үй камагы түрү колдонулат.

Шектүүгө карата үй камагын колдонуу жөнүндө судьянын токтому иш өндүрүшүндө турган тергөөчүгө, ал эми соттук өндүрүш убагында прокурорго колдонулган чектөөлөрдүн сакталышын контроль жүргүзүү үчүн жөнөтүлөт жана токтоосуз аткарылууга жатат.

25. Үй камагы жөнүндө чечим кабыл алууда, сот шектүүгө же айыпталуучуга карата Кыргыз Республиксынын ЖПКнин 115-беренесинде каралган тыюу салуулардын бардыгын же кээ бирлерин колдоно алат. Ошону менен бирге, белгиленген чектөөлөр боюнча жүйөөлөрдү көрсөтүш керек жана шектүүнүн же айыпталуучунун өздүгү жөнүндө маалыматтарды эске алыш керек.

Өзгөчө көңүлдү кылмыш жасаган 18 жашка толо элек шектүүлөргө жана айыпталуучуларга буруш керек жана алардын жашын, жашоо жана тарбия шарттарын, өздүгүнүн өзгөчөлүктөрүн, аларга башка чон адамдардын, ошону менен бирге мыйзамдуу өкүлдөрүнүн таасирин эске алыш керек.

Соттор шектүүлөргө же айыпталуучуларга карата Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 115-беренесинде каралбаган тыюу салууларды жана (же) чектөөлөрдү белгилебеши керек.

Бөгөт коюу чарасынын үй камагы түрүн колдонуу жөнүндө чечимде адамга коюлган чектөөлөрдүн жана (же) тыюу салуулардын түрүн жана чегин соттор көрсөтүшү зарыл. Шектүү же айыпталуучу жашаган турак жайдын чегинен чыгуу чектөөдө турак жайдын чегинен чыгууга уруксат берилген учурларды (мисалы, сейилдеп чыгуу, окуу жайына баруу үчүн жана башкалар), бөгөт коюу чарасынын үй камагы түрүн аткаруу жеринен тышкары уруксат берилген убакытты, (мисалы, окуу учурунда мектепке баруу үчүн, аныкталган убакта сейилдеп чыгууга), жана (же) турак жайдын чегинен чыгууга тыюу салынган учурларды (мисалы, түнкүсүн же башка убакта, массалык иш чараларды же алардын кээ бирлерин өткөрүү) сот көрсөтүш керек.

Шектүүгө же айыпталуучуга белгилүү бир адамдар менен сүйлөшүүгө тыюу салууда же сүйлөшүүдөн чектөөдө, сот ал адамдарды идентификациялоого жол берген маалыматтарды көрсөтүш керек.

Байланыш каражаттарын колдонууга тыюу салууда же аны колдонууну чектөөдө соттор шектүүгө же айыпталуучуга телефон байланышын тез медициналык жардам, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, өзгөчө кырдаалдар пайда болгондо авариялык-

куткаруу кызматы, ошондой эле тергөөчү менен байланышуу үчүн колдонуу укугун түшүндүрүш керек.

Шектүүнү же айыпталуучуну “Интернет” маалымат-телекоммуникациялык тармагы менен колдонууну чектөөдө соттор тармакты колдонууга уруксат берилген учурларды көрсөтүш керек (мисалы, эгерде шектүү же айыпталуучу окуу жайда билим алса, анда окуу жай менен анын ортосунда маалымат алмашууну).

Контролду жүргүзүү максатында мыйзамда белгиленген тартипте аудиовизуалдык, электрондук жана башка техникалык каражаттар колдонулушу мүмкүн (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 115-беренеси).

26. Күрөө түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө чечимди прокурордун өтүнүчүн кароонун жыйынтыгы боюнча, ошондой эле шектүү, айыпталуучу, анын жактоочусу, мыйзамдуу өкүлү тарабынан бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүнө альтернативин колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө соттук отурумдагы талкуунун жыйынтыгы боюнча тергөө судьясы, судья кабыл алууга укуктуу.

Прокурордун бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн колдонуу жөнүндө өтүнүчүн канааттандырууда, тергөө судьясы, судья тараптардын өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 114-беренесинде каралган күрөөнүн суммасынын чегин аныктоого милдеттүү жана аны бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн колдонуу жөнүндө токтомдо көрсөтөт.

Бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн колдонуу жөнүндө токтомдо сот тарабынан аныкталган күрөөнүн суммасы атайын банкттык эсепке түшкөн учурда, шектүүнүн, айыпталуучунун жана анын жактоочусунун өтүнүчү боюнча бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн күрөөгө алмаштыруу жөнүндө маселени тергөө судьясы, судья соттук отурумда карайт.

Бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн колдонуу жөнүндө токтом кабыл алууда тергөө судьясы, судья төмөнкү учурларда күрөөнү колдонбойт: 1) эгерде кылмыш менен келтирилген зыяндын өлчөмү Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 114-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган күрөөнүн максималдуу өлчөмүнөн жогору болсо (эсептик көрсөткүчтүн 20000, башкача айтканда 2 миллион сомдон ашык болсо); 2) жабырлануучунун өлүмүнө алып келген атайлап жасалган кылмыш үчүн шектенүү, айыптоо; 3) кылмыштуу топтун курамында, террористтик жана (же) экстремисттик кылмыштарды жасоо үчүн шектенүү, айыптоо; 4) шектүү, айыпталуучу соттук өндүрүшкө тоскоолдук жаратышы жана тергөөдөн, соттон жашырынып кетүү боюнча жетиштүү негиздер болгондо; 5) шектүү, айыпталуу тарабынан кылмыштуу ишмердүүлүгүн улантуусу жөнүндө маалымат; 6) тергелип жаткан жазык иши боюнча мурда тандалган бөгөт коюу чарасынын күрөө түрүн шектүү, айыпталуучу тарабынан бузуулусу.

Күрөөнү мамлекеттин пайдасына айландыруу жөнүндө өтүнүчкө Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 114-беренесинде саналып өткөн бузуулар жөнүндө бузуунун жагдайларын жана анын жасалышын ырастоочу алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү тарабынан түзүлөт.

Айыпкер тарабынан көрсөтүлгөн бузуулар жасалган учурда сот тарабынан ишти кароодо бузуунун жагдайлары соттук отурумдун протоколунда баяндалат.

27. Башка жакка кетпөө жөнүндө тил кат алуу бөгөт коюу чарасын колдонуунун атайын шарты болуп туруктуу же убактылуу жашаган жери бар экендиги саналат, аларга турак жай, батир, кызматтык турак жай, адистештирилген үйлөр (жатакана, жалгыз кары адамдар үчүн атайын үй, майыптар, ардагерлер үчүн интернат-үй), ошондой эле жаран

менчик ээси катары, жалданма, ижара келишими боюнча же башка негиздер менен дайыма же көпчүлүк убагында жашаган башка турак жайлар кирет.

Тартипке ылайык, убактылуу жашаган жерге мейманкана, санаторий, оорукана жана башка мекемелер, ошондой эле жаран убактылуу жашаган анын жашаган жери болуп саналбаган турак жайлар кирет.

Жашаган жери же келген жери боюнча каттоо анын жашаган жеринин же келген жеринин бар экиндигинин далили болуп саналат. “”Ички жер которуу жөнүндө” 2002-жылдын 30-июлундагы №133-Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны Кыргыз Республикасынын чегинде жашаган жана турган жери боюнча катталууга милдеттүү.

Шектүү, айыпталуучу туруктуу жана убактылуу жашаган жеринин чегинде ээн эркин жүрүү укугун жана атайын уруксат кереги жоктугун ага түшүндүрүү керектигине соттордун көнүлдөрү бурулсун. Ошону менен бирге, өзүнүн жашаган жерин алмаштыргандыгы боюнча ал иш өндүрүшүндө турган органга билдирүүгө милдеттүү.

28. Аскер бөлүгүнүн командачылыгынын аскер кызматчыларына байкоо жүргүзүү атайын субъектилерге колдонулат: алар аскер кызматчылары, аскерге милдеттүүлөр, окуу жыйындарына чакырылгандар. Бул бөгөт коюу чарасын тандоого аскер командачылыгынын макулдугу талап кылынбайт.

Бөгөт коюу чарасы жөнүндө токтом (аныктама) аскер бөлүгүнүн командачылыгына жиберилет. Аскер бөлүгүнүн командачылыгына же анын өкүлүнө шектенүүнүн (айыптын) жана бөгөт коюу чарасынын бул түрү тандалган башка негиздер, ошондой эле аскер бөлүгүнүн командачылыгынын бөгөт коюу чарасы жөнүндө чечимди аткаруу боюнча милдети түшүндүрүлөт.

Айыпталуучу, шектүү алдын алуу үчүн аталган бөгөт коюу чарасы тандалып алынган аракеттерди жасаган учурда, командачылык алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына, тергөөчүгө же сотко дароо кабарлоого милдеттүү.

29. Жашы жете элекке карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу өзгөчө учурларда жүргүзүлөт. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 451-беренесине ылайык, жашы жете элекке карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселени чечүүдө ар бир учурда жашы жете электи карап турууга өткөрүп берүү сыяктуу чараны колдонуу мүмкүнчүлүгү талкууланышы керек.

Өзгөчө учурлар катары бир нече жолу анча оор эмес жана оор кылмыштарды жасагандыгын, же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн шектенүүнү түшүнсөк болот.

Жашы жете электи көз салууга өткөрүп берүү бөгөт коюу чарасы он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки шектүүлөргө жана айыпталуучуларга тандалышы мүмкүн.

Жашы жете электи көз салууга өткөрүп берүү түрүндөгү мурда тандалган бөгөт коюу чарасы ал он сегиз жашка жеткенде жокко чыгарылат же башка бөгөт коюу чарасына өзгөртүлөт (иштин жагдайына жараша).

Жашы жете электи ата-энесинин, камкорчулардын, көзөмөлдөөчүлөрдүн, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринин, ошондой эле атайын балдар мекемелеринин өкүлдөрүнүн көз салуусуна өткөрүп берүү алардын жазуу жүзүндөгү өтүнмөсү боюнча мүмкүн болот.

30. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 395-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык бөгөт коюу чарасын колдонуу жана бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөө судьясынын токтому апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 108-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 117-беренесинин 8-бөлүгүнүн жана 257-беренесинин 11-бөлүгүнүн мааниси боюнча тергөө судьясынын көрсөтүлгөн токтомдору кабыл алынган учурдан баштап 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте датттанылышы мүмкүн.

31. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 106-118, 239, 257, 395, 409-беренелерине ылайык, апелляциялык инстанциядагы сот даттанууну же сунуштаманы канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө же тергөө судьясынын токтомун жокко чыгарып, жаны чечим кабыл алууга же өзгөртүү тууралуу аныктама чыгарууга укуктуу.

Апелляциялык инстанциядагы сот тергөө судьясынын бөгөт коюу чарасын колдонуу жана бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө токтомуна даттанууну же сунуштаманы кароонун жыйынтыктары боюнча ага негиздер болгон учурда тергөө судьясынын токтомун жокко чыгарууга же өзгөртүүгө жана биринчи инстанциядагы сотко иштин материалдарын жаны кароого жибербестен жаны чечим кабыл алууга укуктуу.

32. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 394-беренесине ылайык, соттун жыйынтык чечими чыкканга чейин бөгөт коюу чарасын колдонуу жана бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө токтому кабыл алынган учурдан баштап 10 сутканын ичинде апелляциялык тартипте датттанылышы мүмкүн.

Бөгөт коюу чарасын өзгөртүү же жокко чыгаруу, же алдын ала угууда, ошондой эле соттун жыйынтык чечими чыкканга чейин соттук териштирүүнүн жүрүшүндө келтирилген өтүнүчтөрдү канааттандыруудан баш тартуу же канааттандыруу жөнүндө судьянын токтомдору даттанылууга жатпайт.

33. Кыргыз Республлликасынын ЖПКнин 402-беренесине ылайык апелляциялык инстанциянын соту даттануулар, сунуштамалар боюнча ишти ал келип түшкөн күндөн баштап тергөө судьясынын токтому боюнча 10 суткадан кеч эмес мөөнөттө кароого тийиш.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин кошумча апелляциялык даттануу, сунуштарды берүү жоболору жогоруда көрсөтүлгөн токтомдорду апелляциялык тартипте даттануу учурларына жайылтылбайт.

Бөгөт коюу чаралары жөнүндө меселе боюнча даттанууну, сунушту кароонун жыйынтыгы боюнча апелляциялык инстанциядагы соттун чечими кассациялык тартипте даттанылууга жатпайт.

34. Бөгөт коюу чарасын колдонуу жана бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө соттук териштирүүнүн жүрүшүндө кабыл алынган токтомдорго карата даттануу келтирүү, иш боюнча соттук териштирүүнү токтотпойт.

Ошону менен бирге, апеляциялык инстанциядагы сотко ишти жибербей, даттануу (сунуш) боюнча өзүнчө төмөндөгү материалдарды жиберет: даттанылган соттук акты, сотко чейинки өндүрүштүн мөөнөттөрү жана колдонгон мөөнөтүн көрсөтүү менен бөгөт коюу чаралары жөнүндө тактама менен айыптоо актысынын көчүрмөсү, бөгөт коюу чарасы жөнүндөгү маселени чечүүгө тийиштүү соттук отурум протоколунун көчүрмөсү (кыскача көчүрмөсү).

Камакта кармалган айыпталуучу апелляциялык инстанциядагы сотко даттануу (сунуш) каралган күнү алынып келинет. Соттук отурумдун күнү жана убактысы жөнүндө апелляциялык инстанциядагы сот биринчи инстанциядагы сотко билдирме жиберет. Даттанууну (сунушту) чечүү үчүн апелляциялык инстанциядагы сотко айыпталуучу биринчи инстациядагы соттун талабы боюнча жеткирилет.

35. Айыптоо өкүмүн кабыл алууда биринчи инстанциядагы сот өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейинки колдонулган бөгөт коюу чарасын көрсөтүш керек. Андыктан, апелляциялык инстанциядагы сот тарабынан ишти кароодо бөгөт коюу чарасы узартылбайт.

36. Айыптоо актысын же башка соттук чечимди жокко чыгарууда жана жазык ишин жаны кароого төмөн турган сотко жиберүүдө же жазык ишин прокурорго жиберүүдө, апелляциялык, ошондой эле кассациялык инстанциядагы соттор камакта кармалган адамдарга карата бөгөт коюу чарасы жөнүндө маселени чечиш керек.

Бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө чечим кабыл алууда апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттор өкүмдүн, аныктаманын (токтомдун) корутунду бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын ЖПКда белгиленген чектеги бөгөт коюу чарасынын конкреттүү мөөнөтүн көрсөтүш керек.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун Төрагасы** **Г.Калиева**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Ч.Садырова**

*ПРОЕКТ*

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПЛЕНУМА ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

от ________________ г. Бишкек

**«О практике применения судами уголовно-процессуального законодательства о проверке законности и обоснованности задержания и мерах пресечения»**

В целях обеспечения правильного и единообразного применения уголовно-процессуального законодательства в отношении проверки законности и обоснованности задержания, и разрешения вопросов, возникающих при применении мер пресечения, Пленум Верховного суда Кыргызской Республики, руководствуясь частью 2 статьи 96 Конституции Кыргызской Республики, статьей 15 Закона Кыргызской Республики «О Верховном суде Кыргызской Республики и местных судах» постановляет:

**1.** Обратить внимание следственных судей, что при проверке законности и обоснованности задержания подозреваемого необходимо обеспечить соблюдение прав человека, гарантированных статьей 24 Конституции Кыргызской Республики и руководствоваться статьями 44, 45, 98-105, 256 Уголовно-процессуального кодекса Кыргызской Республики (далее - УПК КР).

Задержание признается законным и обоснованным, если оно произведено в соответствии с требованиями Уголовно-процессуального кодекса.

Проверка законности и обоснованности задержания рассматривается следственным судьей по ходатайству уполномоченного должностного лица органа дознания, следователя, по постановлению которых лицо было задержано.

Проверка законности и обоснованности задержания подозреваемого проводится **в открытом судебном заседании** в течение 2 часов с момента поступления материалов дела в суд (статья 256 УПК КР).
